**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ - УКУКТУК ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д.09.16.534.**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 17.023.33(575.2.) (043.3)**

**СЕЙДАЛИЕВА МИРА КОШМАМАТОВНА**

# БИОЭТИКА ФИЛОСОФИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨНҮН ОБЪЕКТИСИ КАТАРЫ

Адистиги: 09.00. 11 – социалдык философия

**Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферати**

**Бишкек – 2017**

Диссертациялык иш Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун социалдык философия, этика жана эстетика бөлүмүндө аткарылды

**Илимий жетекчи:** философия илимдеринин доктору, профессор **Шарипова Эркайым Козуевна**

**Расмий оппоненттер:** философия илимдеринин доктору, профессор **Амердинова Магира Мунаждиновна**

философия илимдеринин кандидаты, доцент **Акматалиев Асанбек Тургуналиевич**

**Жетектөөчү мекеме:** Кыргыз улуттук университетинин философия жана илимдин методологиясы кафедрасы, 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү, 547

Диссертациялык иш 2017-жылдын "___"____________ саат _______ Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институту жана Кыргыз-Түрк «Манас" университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык), маданият таануу жана искусство таануу (17.00.02-музыкалык искусство) боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.09.16.534 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а. (www.fil.kg).

Дисссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

**Автореферат 2017-жылдын "_____"____________ таркатылды.**

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты** **Акматова Н.С.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Философиянын башкы жана түбөлүк проблемаларынын бири болуп адам маселеси эсептелет, анын негизин инсандын эркин өнүгүүсүн, баштапкы укуктарын, ал эми биотехнологиялык революция шартында биосоциалдык бүтүндүгүн коргоого өбөлгө түзгөн жолдорду издөө түзөт. Аталган маселени чечүү үчүн адамдын жаратылышы жөнүндөгү табигый илимдик жана философиялык идеяларды эске алуу зарыл.

Азыркы социомаданий шартта биоэтика илим этикасынын бөлүмү катары эле таанылбастан, маданияттын өзгөчө элементине айланды, бул жагдайда бир нече суроолор пайда болот: Биоэтика деген эмне? Эмне үчүн биоэтика бүгүнкү күндө философиялык изилдөөнүн өз алдынча актуалдуу тармагына айланды? Биоэтиканын калыптанышынын философиялык, табигый-илимдик өбөлгөлөрү жана негиздери кайсылар? ж.б. Аталган суроолорго жооп берүү үчүн адам болмушу, руханийлик менен материалдыктын, моралдык эркиндик менен жоопкерчиликтин жана медицинадагы этикалык маселелердин үстүнөн талдоо, адамдын негизги укуктарын коргоо менен байланышкан проблемалар боюнча илимий ой жүгүртүүнүн өзгөчө формасы катары каралган биоэтиканын предметин изилдөө зарыл. Ал маселелердин контекстинде адам жана анын болмушу менен байланышкан, дисциплиналар аралык проблемалардын комплексин камтыган биоэтиканын маңызын терең изилдөө максатка ылайыктуу.

Азыркы биоэтиканын чегинде этикалык проблемалардын изилдөө предметине айланышы бир нече факторлор менен аныкталат. Жаңы биомедициналык технологиялардын кескин өнүгүшү, т.а. генетиканын илимий-техникалык революцияга кошулушу жана биологиянын заманбап табият таануудагы алдыңкы орунду ээлеши адам жашоосун трансформацияга дуушар кылып, терен философиялык анализди талап кылган бир топ этикалык проблемаларды пайда кылууда. Заманбап биомедицина теориялык-таанып-билүүчүлүк маселелерди чечүү менен эле чектелбестен, адамдын жана социумдун жашоо процессин башкаруудагы натыйжалуу каражаттардын бирине айланууда. Учурдагы медицинанын мүмкүнчүлүктөрү кеңейип, ал жашоонун сапатын жакшыртуу менен бирге аны башкарып, өлүмдү артка жылдыруу менен төрөлүү, жашоо, өлүү процесстерине таасир тийгизет. Мында заманбап медицина салттуу жана жаңы баалуулуктардын кагылышуусуна жагымдуу шарт түзөт. Социумдагы руханий кырдаалдын өзгөрүшү, коомдук аң-сезимди демократиялаштыруу процесси индивиддин жашоосуна карата жоопкерчиликти өзгөрттү.

Моралдык проблемалардын курчуп кетишине байланыштуу медициналык кызматкердин алдында биоэтиканын руханий-нравалык маселелери жөнүндө философиялык ой жүгүртүү зарылдыгы пайда

болууда. Биоэтика медициналык илимдин жана практиканын моралдык чөйрөсү катары биомедицинаны жана адамды дарылоонун жаңы медициналык «технологияларын» дүйнө караштык, аксиологиялык баалоого муктаж.

“XX кылымдын негизги натыйжаларынын бири болуп биологиянын жаңы жетишкендиктерин практикалык медицинага негизсиз киргизүүнүн потенциалдык коркунучун дүйнөлүк коомчулуктун аңдап-сезиши саналат. Доордун аягында бир нече себептерге байланыштуу атом бомбасынын коркунучу медико-биологиялык коркунучка алмашты. Азыркы муун адамзаттын коопсуздугуна кепилдикти биринчи кезекте укуктук актылар аркылуу бекемделген моралдык-этикалык барьерлерди түзүүдөн көрөт” [Лопухин Ю.М. Биоэтика и современная медицина// Врач. 2001.№ 10.6-б.].

Биоэтика медицинага биотехнологиялардын кийлигишүүсүнүн натыйжасында пайда болгон проблемаларга жооп катары каралат. Жашоону колдоого, аны кайра жандандырууга өбөлгө түзгөн жана органдарды трансплантациялоонун медициналык жаңы технологиялары салттуу маданий баалуулуктарга карама-каршы туруп, өмүр менен өлүмдүн, жашоонун маңызы, саламаттыктын сапаты, дарыгер менен пациенттин өз ара мамилеси, медицина жана коом, адам, табият сыяктуу «түбөлүктүү» философиялык маселелердин үстүнөн жаңыча ой жүгүртүүнү талап кылат.

Биоэтиканын өнүгүүсүнүн негизги багыттарынын бири болуп учурдун глобалдуу проблемаларын чечүү менен байланышкан, тактап айтканда, азыркы реалдуулук менен келечекке жооп берген, биоэтиканын жоболоруна таянган жана адам табияты жөнүндөгү өзгөрүп жаткан элестөөлөрдү чагылдырган ан-сезимдин, ой-жүгүртүүнүн жаңы тибин, илимий парадигмасын түзүү саналат.

Ар кандай этика философиялык анализден тышкары функциялана албайт. Биоэтика болсо илимий-техникалык прогресстин натыйжасы катары орчундуу социалдык-этикалык гана эмес, юридикалык да мааниге ээ. Жасалма уруктандыруу, адам геномуна кийлигишүү сыяктуу биомедициналык манипуляциялар бир гана моралдык-этикалык эмес, укуктук жактан да бааланышы зарыл.

Жогоруда айтылгандар биоэтиканын социалдык-нравалык жана философиялык-дүйнө караштык проблемаларын чечүү менен байланышкан маселелердин теориялык, практикалык планда өзгөчө актуалдуулугун баса белгилеп, диссертациялык изилдөөнүн темасын аныктайт.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар, илимий мекемелер тарабынан өткөрүлүүчү негизги илим изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациянын темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын тармактык илимий программасына,

Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп дисциплиналар аралык илимий изилдөөлөрдүн тармагы болгон биоэтика эсептелет. **Изилдөөнүн предмети** катары биоэтиканын философиялык-нравалык проблемалары саналат.

**Диссертациянын негизги максаты** – биоэтиканын маңызын, анын нравалык проблемаларын социалдык-философиялык талдоо. Белгиленген максатка ылайык иштин төмөнкү милдеттери аныкталды:

-биоэтиканын маңызына тарыхый-логикалык талдоо жүргүзүү;

-биоэтиканын дүйнөгө болгон көз караштык мазмунун аныктоо;

-биоэтиканын калыптанышынын менталдык өзгөчөлүктөрүн изилдөө;

-жашоо баалуулугун биоэтиканын негизи катары иликтөө;

-биоэтиканын адамдын туруктуу өнүгүүсүндөгү ролун талдоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Бүгүнкү күндө Кыргызстанда биоэтиканын проблемаларына арналган комплекстүү социалдык-философиялык изилдөөлөр өтө аз, бул иш белгилүү деңгээлде мындай кемчиликти толуктайт. Диссертацияда:

-биоэтиканын маңызына тарыхый-логикалык талдоо жүргүзүлдү;

- анын дүйнө караштык мазмуну аныкталды;
- биоэтиканын калыптанышынын менталдык өзгөчөлүктөрү изилденди;
- жашоо баалуулугу аталган тармактын негизи катары иликтенди;
- биоэтиканын адамдын туруктуу өнүгүүсүндөгү ролу талданды.

**Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негизин** биоэтика проблемасы боюнча чет өлкөлүк, орус жана ата мекендик окумуштуулардын философиялык, этикалык, саясий, социологиялык жана укуктук көз караштары, ой жүгүртүүлөрү түздү. Изилдөө процессинде илимий таанып-билүүнүн системалык, тарыхый, формалдык-логикалык усулдары колдонулду. Иликтөө методологиясынын негизи болуп коомдук өнүгүүнүн объективдүү мыйзамдарын эске алуу эсептелет. Изилдөө маданий-цивилизациялык ыкмага таянуу аркылуу жүргүзүлдү, мында иликтөөнүн объектисин жана предметин талдоо кыргыз элинин маданий-цивилизациялык өзгөчөлүгүн эске алуу менен ишке ашты.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси**

Илимий иштин теориялык мааниси биоэтика жөнүндөгү социалдык-философиялык билимдерди кеңейтүүдө жана тереңдетүүдө турат. Диссертациядагы теориялык-методологиялык нуктагы натыйжаларды азыркы биоэтикадагы процесстерди талдоодо, биоэтиканын келечектеги

өнүгүү тенденциясы менен байланышкан проблемаларды өздөштүрүүдө, чечмелөөдө колдонууга болот.

Диссертациянын материалдарын жана жыйынтыктарын социалдык философия, биоэтика, медициналык этика, деонтология, глобалистика, маданият философиясы, философиянын тарыхы, маданият таануу боюнча атайын курстарды окутууда пайдаланууга мүмкүн.

**Коргоого сунушталуучу жоболор:**

1. Биоэтика - табияттын жана коомдун өзгөрүүсүнө эле эмес, анын жүрүшүндө жашоону сактоого, анын негиздерин коргоого багытталган руханий-практикалык ишмердүүлүктүн жаңы формасы. Биоэтика феноменинин пайда болушунун жана өнүгүшүнүн негизги себептеринин бири катары биотехнологиянын келип чыгышын шарттаган илимий–техникалык революция саналат, ал медицинага жана адамды изилдеген илимдер комплексине терең таасир тийгизет. Биоэтикалык проблемаларды талдоо медицина кызматкерлеринин, биологдордун, бул багытка тиешелүү илим өкүлдөрүнүн ишмердүүлүгүндө нравалык жана укуктук жөнгө салуучу системаны иштеп чыгуу зарылдыгын белгилейт.

2. Биоэтика биология дооруна шайкеш келген, адамдын жана биомедициналык технологиялардын өз ара мамилесинде компетенттүү, эс-акылдуу чечимдерди кабыл алууда негиз болууга жөндөмдүү нравалык-этикалык баалуулуктарды издөөгө багытталган дүйнө караштын жаңы формасы катары аныкталат. Мындай проблемалар адамдын тукум куучулук табиятына кийлигишүүлөр, инсан өмүрүн жана өлүмүн манипуляциялоо мүмкүндүгү, анын индивиддин социалдык статусунда чагылдырылышы, дүйнөдөгү өзүнүн ордун аңдап-сезүүсү менен байланышкан.

3. Биоэтиканын өнүгүшүнүн конкреттүү жолдорун этникалык, улуттук ж.б. түзүлүштөрдүн чегинде, жеке маданий баалуулуктардын жана салттардын негизинде аныктоо зарыл. Улуттук биоэтиканын калыптанышына кыргыздардын дүйнөгө болгон көз карашы, практикалык философиясы зор таасирин тийгизген. Жашоо жана өлүм проблемасы элибиздин этнофилософиясынын жана ислам дининин негизин түзөт. Жандууну өлтүрбөө, ага карата сүйүү жана аяр мамиле, зыян келтирбөө, кыянаттык кылбоо, жалган сүйлөбөө жана башка адеп-ахлактык нормалар биоэтикалык проблематика менен айкалышып турат. Аны менен катар менталитеттеги жалпылыктын индивидуалдыктын үстүнөн үстөмдүк кылышы, прагматизмден четтөө, толеранттуулук, курмандыкка баруу, максимализм ж.б. мүнөздөр узак тарыхый мезгилдер бою социумда адамдын жашоосуна жана саламаттыгына карата аксиологиялык мамиленин калыптанышына тоскоолдук кылган.

4. Биоэтиканын заманбап илимдеги жана социумдун турмушундагы ролу анын коомдук аң-сезимде жашоонун аксиологиялык принциптерин

калыптандырууга өбөлгө түзүп, азыркы илимде жана саламаттыкты сактоо чөйрөсүндө гумандаштыруу процессин стимулдаштырышында турат. Илимди гумандаштыруу – бул түрдүү предметтердин мазмунун, илим изилдөө ишмердүүлүгүн уюштуруу формаларын жана шарттарын жогорку баалуулук катары эсептелген адамга багыттоо, ошондой эле ар бир инсандын талаптарына каршы турган технократтык тенденцияларды жеңүү жана атуулдун эркин өнүгүшүнө шарт түзүү.

5. Биоэтика - заманбап социалдык-гуманитардык билимдин маанилүү элементи катары социалдык адилетсиздикке каршы күрөштүн жана адам укуктарын ишке ашыруу үчүн аракеттин зарылдыгын аңдап-сезүү шарттарынын бири. Дүйнөдө бир калыпта жүрбөгөн биомедицина тармагындагы прогресс жаңы технологиялардын жана гендик инженериянын кымбаттыгынын натыйжасында дүйнөнүн байларга жана жакырларга бөлүнүшүнө алып келүүчү себептердин жана белгилердин бири болуп саналат. Мамлекеттердин денгээлинде аракеттенген медициналык жардамдын элитардык, дискриминациялык формасы да бир топ проблемаларды пайда кылат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Диссертациялык изилдөөнүн илимий натыйжалары, коргоого сунушталган жоболор биоэтиканын проблемаларын социалдык-философиялык талдоонун негизинде диссертант тарабынан жеке иштелип чыккан.

**Диссертациянын апробацияланышы.** Диссертациянын негизги жоболору “Современность: философские и правовые проблемы” аттуу республикалык илимий-теориялык конференциянын (-Бишкек, 2005), «Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары» аттуу илимий-практикалык конференциянын (-Ош, 2001), ОшМУнун 75 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференциянын (-Ош, 2014), «История и культура народа Кыргызстана; наследие и современность» аттуу эл аралык илимий конференциянын (-Ош, 2016), БжМ факультетинин 20 жылдыгына арналган «Евразиялык экономикалык интеграциянын тенденциялары: көйгөйлөрү, чындыгы, перспективалары» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын (-Ош, 2016), «Ыйман, адеп жана маданият» жылына карата уюштурулган «Кыргызстандагы медициналык орто билим берүү мекемелеринде ден соолукка кам көрүүнүн эффективдүүлүгүн көтөрүүдөгү маселелер» аттуу аймактык илимий-практикалык конференциянын (-Ош, 2017) материалдарында чагылдырылган.

Илимий изилдөөнүн негизги натыйжалары 16 илимий макалада чагылдырылды, анын ичинде 1 макала Австрияда өткөрүлгөн “On Eurasian scientific development» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын жыйнагында, 2 (РИНЦ) макала Украинанын “Web of Scholar” эл аралык илимий журналында жарык көрдү.

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун социалдык философия, этика жана эстетика бөлүмдөрүнүн кеңейтилген жыйынында талкууланып, коргоого сунушталды.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, эки баптан, беш параграфтан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү - 165 бет.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**«Киришүүдө»** теманын актуалдуулугу белгиленип, иштин максаты менен милдеттери аныкталды, изилдөөнүн методологиялык жана теориялык негиздери, илимий жаңылыгы, коргоого сунушталган жоболор, диссертациянын теориялык жана практикалык мааниси, апробацияланышы көрсөтүлдү.

**«Изилдөөнүн теориялык-методологиялык аспектилери»** аттуу биринчи бапта биоэтиканын маңызы, анын дүйнө караштык мазмуну иликтенди.

**«Биоэтиканын маңызы: тарыхый-логикалык анализ»** аттуу биринчи баптын биринчи параграфында биоэтиканын маңызына тарыхый-логикалык талдоо жүргүзүлөт.

Биоэтика - биомедициналык чөйрөдө өнүгүүнүн азыркы баскычында келип чыккан этикалык-гуманисттик маселелерди жана нравалык нормаларды изилдөөчү өзгөчө илимий тармак. Эгер биоэтика экологиялык нормативдерди терең талдаса, медициналык этика адамдын курчап турган дүйнө менен өз ара мамилесине тиешелүү нормаларды карабайт, бирок тукум куучулукка караганда ал нерседен биздин саламаттык көп даражада көз каранды. Ошондуктан медициналык этика биоэтиканын составдык бөлүгү болуп эсептелет. Бир тараптан медициналык этика биоэтикалык принциптерди конкреттештирсе, экинчи жактан биоэтика контекстинде медициналык мораль жаңы мамилелер менен, курч проблемаларды терең түшүнүү аркылуу кеңейет. Медициналык аспектиде өмүр жана өлүм проблемалары конкреттүү индивидуалдык формага ээ болуп, азыркы биоэтиканын маңызын жана борбордук маселесин түшүнүү оңой болот.

1969-жылы америкалык окумуштуу Ванн Ренселлер Поттер «Биоэтика: келечекке карай көпүрө» аттуу китебинде биоэтиканы биологиялык билимдерди жалпы адамзаттык баалуулуктарды таанып-билүүнүн көп кылымдык тажрыйбасы менен бириктирген илим иретинде аныктаган. Биоэтикалык маселелерди изилдеген эмгектер негизинен Батышта жарык көргөн: 1978-жылы АКШда чыккан У.Т. Райхтын «Биоэтика энциклопедиясы» (5 томдук, 437 автор) жарыяланган; Х.

Йонастын «Жоопкерчилик принциби» аттуу эмгеги Германияда 1979-жылы жарыяланып, бул китепте биосфералык этиканын доктринасы берилген. Д. Грасианын «Биоэтика негиздери» аттуу эмгеги Францияда 1989-жылы чыгып, анда биоэтикалык билимдин калыптануу тарыхы каралган. АКШда Т.Энгельгарттын «Биоэтика негиздери» аттуу китеби 1994-жылы, М.Чарльзворттун «Биоэтика либералдык коомдо» аттуу эмгеги 1993-жылы жарыяланган. 1994-жылы Т.Л. Бошам жана Дж. Ф. Чайлдресстин «Биомедициналык этиканын принциптери» аттуу эмгегинде биоэтиканын америкалык доктринасынын негиздери сунушталган. Италиялык окумуштуулар Э.Сгречча жана В. Тамбоне «Биоэтика» аттуу эмгегин 2001-жылы жарыялап, алар орус тилине которулган биринчи фундаменталдык изилдөөнүн авторлору болуп эсептелет.

Аталган багытта академик И. Т. Фролов тарабынан 70-жылдары «Вопросы философии» аттуу журналда «Адам генетикасы, анын философиялык жана социалдык-этикалык проблемалары», «Илим, этика, гуманизм» деген темада төгөрөк столдорду уюштуруу менен биоэтикага жол ачкан, анда илим этикасынын проблемалары, илимий таанып-билүүдөгү изилдөөчүлүк менен аксиологиялык жактардын катышы каралган.

Медицинадагы биоэтикалык проблемалар, кесиптик врачтык этикадагы актуалдуу маселелер жөнүндө Е. А. Андрианова, Р. С. Иванов, А. Я. Иванюшкин, А. Кэмпбелл, А. Н. Орлов, И. В. Силуянова, Ю. М. Хрусталев, Ф. С. Шамсиев, М.Я. Яровинский ж.б. жазышкан. Биоэтиканын философиялык негиздери В. Г. Борзенков, А.А.Желобов, Ф. А. Кашапов, И. В. Силуянова, И. Н. Смирнов, Ю.М. Хрусталев ж.б. изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде каралган. Биоэтиканын дисциплиналар аралык мүнөзү М. В. Бирюкова, Н. В. Голик, И.Х. Мальбахова, П.Д. Тищенко, Б. Г. Юдин ж.б. окумуштуулардын изилдөөлөрүндө белгиленген.

Биоэтиканын жана врачтардын кесиптик ишмердүүлүгүнүн укуктук аспектилери, аборт, трансплантация, генетика, адамдын геномикасы сыяктуу биоэтикалык маселелер, психиатриядагы нравалык проблемалар изилденген (В. И. Акопов, В. Ю. Косарева, Н. Е. Крылова, С. С. Лыкин, М. Е. Петросян, Н. Н. Седова, Р. Г. Апресян, А. Баев, Ю. М. Лопухин, А. Н. Орлов, И. В. Силуянова, П. Д. Тищенко, Ф. Фут, А. Я. Иванюшкин, И. В. Силуянова ж.б.).

Адамдарга карата эксперименттердин моралдык аспектилери, өлүм проблемасы, ден соолукка, өмүргө гендерлик мамилелердин таасири каралган (П. Зильбердин, И. В. Коноваловантын, А.Н. Орловдун, П. Д. Тищенконун, И.Т. Фроловдун, Ф. Футтун, Ю.М. Хрусталевдун, Б. Г. Юдиндин ж.б. эмгектери).

Изилдөөнүн методологиялык негизин бардык проблемаларды тарыхый жана маданий өзгөчөлүктөргө таянып изилдеген маданий-цивилизациялык ыкма түзгөндүгүнө байланыштуу кыргызстандык окумуштуулардын эмгектери зор кызыгууну пайда кылат. С.М. Абрамзон, А.А. Айтбаев, Ш.Б. Акмолдоева, Н.С. Акматова, А. Алтмышбаев, Б. Аманалиев, М.М. Амердинова, А. Байбосунов, А.А. Бекбоев, Ж.Б. Бокошов, А.Х. Бугазов, М.Ж. Жумагулов, А.И. Исмаилов, А.Ч. Какеев, А.К. Кулназаров, Э.И. Исмаилова, С.М. Мукасов, Г.А. Мукамбаева, А.И. Нарынбаев, Ч.Т. Нусупов, Н. Саралаев, Р.Д. Стамова, О.А. Тогусаков, А.И. Токтосунова, Э.С. Орозалиев, Дж.Т.Уметалиева, Ж.К. Урманбетова, М.М. Эдилова, А.Б. Элебаева ж.б. ата-мекендик окумуштуулардын эмгектеринде кыргыз элинин дүйнөгө болгон көз караштык, тарыхый, менталдык, маданий өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү маселелер камтылган [6, 5,3, 8-9, 19, 24-25, 27-28, 19, 46-47-48, 56, 85, 86, 103, 108-135, 109, 112-113, 115-118, 133, 95-134].

Биоэтиканын генезисин төмөнкү факторлор аркылуу түшүндүрүүгө болот: XX кылымда илимге карата негативдүү тенденциялардын пайда болушу, илимдин жашоо аксиологиясынан четтеши, ааламдашуу процессинде дүйнөлүк кызматташуунун зарылдыгы, маалыматтык технологиянын өнүгүшү, усурдагы социалдык кыймылдар, этикалык окуулар менен турмуштук практиканын ажырымы, антропологиялык кризистен чыгуу жолдорун издөө, медицинанын ролунун, ордунун жана милдеттеринин өзгөрүшү ж.б.

Биоэтиканын калыптануу процессине төмөнкү проблемалар олуттуу таасирин тийгизет: вегетативдик (аңсыз) абал, жашоону медикаментоздук, техникалык каражаттардын жардамы менен кармап туруу, өлүмдүн критерийлерин аныктоо жөнүндөгү маселелер, трансплантологиянын өнүгүшү (донорлук, органдарды жана ткандарды коммерциялык максатта колдонуу), демократиялык укук үчүн күрөш, коомдук аң-сезимде укук жана эркиндик жөнүндөгү идеяларды бекемдөө, жаныбарларга жана адамдарга карата жүргүзүлгөн эксперименталдык изилдөөлөрдү этикалык көзөмөлдөө жана укуктук жөнгө салуу зарылдыгы, адамга карата эксперименттерди жүргүзүүдө зыянды азайтуу, биоэтикалык кырдаалдарды чечүүдө моралдык плюрализмдин жогорулашы, медикализация (адамдын турмушунда медицинанын ролунун жогорулашын белгилеген жана ден соолукту социалдык баалуулук катары тааныган процесс), жалпы адамзаттын кызыкчылыктарын чагылдырган биоэтикалык проблемалардын ааламдашуусу (адам геному менен эксперимент жүзгүзүү, клондоо), евгеникалык идеялардын кайра жаралышы (мүчүлүштүктөр менен төрөлгөн ымыркайларды өлтүрүү, мажбурлап стерилдештирүү).

Медицина тармагында моралдык чечимдерди коллективдүү издөө Дүйнөлүк Саламаттыкты Сактоо Уюму, Дүйнөлүк медициналык ассоциациясы, Европалык Кеңеш тарабынан жетектелет [В.Ю. Альбицкий, М.Э. Гурылева. Биомедицинская этика: понятие, основные принципы и задачи // Детский доктор. 2000. №2. 30-б.]. Биоэтиканын терең мааниге ээ болгон, баштапкы проблемаларын философиялык илимдин чегинен тышкары чечүүгө мүмкүн эмес, ой жүгүртүүнүн биоэтикалык тиби философиялык синтезге жакын.

**“Биоэтиканын дүйнө караштык мазмуну”** аттуу экинчи параграфта адам барлыгы, өз жашоосу, биотехнологиялык революция шартындагы болмушунун келечеги жөнүндөгү идеялар дүйнө караштык проблемалардын булагы катары изилденди.

Биоэтиканы этикалык илимдин бир бөлүгү катары алып карасак, анын философия, этика, укук менен болгон катышы зарыл жана мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп саналат. Дүйнө карашка муктаждык - адам жан дүйнөсүнүн реалдуулук кандай?, адам анда кандай орунду ээлейт?, анын жашоосунун мааниси эмнеде?, жашоодон кийин жашоо барбы? сыяктуу суроолорго жооп издөө. Аталган суроолор ар бир руханий жактан калыптанган инсанды ойлондурбай койбойт. Бул проблемалардын үстүнөн ой жүгүртүү менен бирге инсан өз позициясын дүйнөгө болгон көз караштык аспектиден аныктоо зарылдыгын терең сезет.

Дүйнөгө болгон көз караш – бул адамдын реалдуулукту кабылдоосуна мүмкүндүк түзгөн руханий кубулуш. Анын мазмуну философиянын негизги маселесин чечүүнүн айланасына топтолгон. Дүйнөгө болгон көз караштын философиялык-диний, философиялык-илимий сыяктуу эки тибин бөлүп кароого болот. Ал түшүнүктүк-категориялык формада жеке илимдердин жетишкендиктерине таянат. Ааламды чагылдыруу жана ага баалуулуктук мамиле аркылуу дүйнөгө болгон көз караш жөнгө салуучу-чыгармачыл роль ойноп, реалдуулуктун жалпы сүрөтүн түзүүнүн методологиясы катары кызмат аткарат. Дүйнөгө болгон көз караште адам ишмердүүлүгүнүн мүнөзүн аныктаган жашоо принциптери аныкталат. Андыктан ал өмүргө жана өлүмгө карата белгилүү мамилени иштеп чыгуу менен бирге татыктуу жашоого жардам берген идеялык ишенимде чагылдырылган практикалык жашоо маанисине ээ.

Философиянын онтологиялык функциясынын маңызы илимдин, практиканын жана маданияттын өнүгүү деңгээлине ылайык дүйнөгө болгон көз караштын иштеп чыгууда турат. Бул жагдайда төмөнкү суроолор пайда болот: дүйнөнүн жаратылышы кандай?, анын себеби эмнеде?, адамдын табияты кандай?, эмне үчүн адам курчап турган ааламды таанып-билүүгө жөндөмдүү?, болмушта табияттан тышкаркы

күчтөр барбы? ж.б. Философиянын дүйнөгө болгон көз караштык функциясы ааламдын универсалдуу, бүтүн сүрөтүн иштеп чыгууда турат. Демек, реалдуулукту философиялык таанып-билүү менен биоэтика диалектикалык мүнөздө байланышкан. Аталган эки кубулуштун жалпылык жактарын, биримдигин төмөнкүлөрдөн көрүүгө болот: философиядагы жана биоэтикадагы жашоо болмуштун субстанциалдуулугун изилдөөнүн өзгөчө көрүнүшү болуп саналат. Бул өңүттө биоэтика жашоо философиясы маанисине ээ. Философия менен биоэтика адам болмушун коргоо жана жашоону сактоо проблемасынын үстүнөн ой жүгүртөт. Болмушту дүйнө караштык жана аксиологиялык мааниде коргоо жашоону сактоону билдирет.

Жаңы биотехногиялардын натыйжасында медицина адамдын жашоосун жана өлүмүн башкарууга, манипуляциялоого мүмкүнчүлүк алды. Андыктан аталган кырдаалда философия жашоо сырларын ачууга умтулуп, барлык жана болмуш эмес түшүнүктөрүнүн ортосундагы айырмачылыкты, жашоо менен өлүмдүн маанисин чечмелөөгө аракет жасайт.

Адамдык жашоо дүйнөгө болгон көз караштан, өзүнүн андагы ордун аңдап сезүүгө муктаждыгынан ажырагыс. Мындай жагдайда жашоо мааниси, анын негизи жана нукура баалуулуктар жөнүндөгү экзистенциалдык суроолор келип чыгат.

Биоэтиканын өнүгүшү көптөгөн дүйнө караштык проблемаларды пайда кылат. Ал индивиддин тукум куучулук табиятына биотехнологиялык кийлигишүүлөрдүн мүмкүндүгү, адамдын жашоосун жана өлүмүн манипуляциялоо, анын инсандын социалдык статусунда чагылдырылышы, дүйнөдөгү өзүнүн ордун аныкташы менен тыгыз байланышкан.

Биоэтика үчүн демократиялык коомдогу руханий турмуштун өзгөчө мүнөздөрүнүн бири болуп эсептелген дүйнө караштык плюрализм, бири-бирине карама-каршы турган моралдык-дүйнө таанымдык багыттардын функцияланышы, түрдүү системалардын диалогун зарыл көрүнүш катары кабыл алуу маанилүү. Плюрализмге багыт алуу индивиддердин өз ойлорун чагылдыруу формаларынын ар тараптуулугун, түрдүү карама-каршылыктуу кызыкчылыктардын, баалуулуктардын, идеялардын жана жашоо стилдеринин тең укуктуу аракеттенишин билдирет. Ошол себептүү кесиптик биомедициналык этиканын логикалык жана тарыхый моделдерин бөлүп кароонун негиздемелери болуп маданияттын тарыхы, медицинанын тарыхы, социомаданий контекстте кесиптик медициналык ишмердүүлүктүн өзгөчөлүктөрү кызмат өтөйт. “Аюрведа”, “Гиппократтын модели”, “Парацельстин модели”, “деонтологиялык модель”, “биоэтикалык модель” биомедициналык этиканын маңызын жана

функцияларын аныктоого өбөлгө түзүп, тарыхый-маданий жана тарыхый, илимий материалдын ар түрдүүлүгүн системалаштырууга мүмкүндүк берип, окуу процессин оптималдаштырат. Гиппократтын моделинин негизги принциби болуп “зыян келтирбе”, Парацельс моделинин негизги принциби «жакшылык жасоо», деонтологиялык моделдин принциби «парызды аткаруу», биоэтикалык моделдин негизги принциби «адам ар-намысын жана укугун сыйлоо» эсептелет.

Демек, биоэтиканын дүйнө караштык өзгөчөлүгү болуп төмөнкүлөр эсептелет: каралган маселелердин ар тараптуулугу, кеңдиги, адам жашоосуна жаңыча көз караш, адамды биологиялык, укуктук, этикалык аспектилерден терең түшүнүү, жашоону сактоо, коргоо боюнча актулдуу маселелерди көтөрүп чыгуу. Биоэтикалык дүйнө караштын генезиси глобалдык жана локалдык деңгээлдер менен мүнөздөлөт. Анын глобалдык мүнөзү адамзат үчүн маанилүү моралдык-этикалык маселелердин масштабдуулугу, ал эми локалдык деңгээли маданий, улуттук, диний өзгөчөлүктөр менен шартталат.

**“Биоэтика контекстиндеги нравалык маселелер”** аттуу экинчи бапта ата мекендик биоэтиканын менталдык өзгөчөлүктөрү, андагы жашоо аксиологиясы, биоэтиканын адамдын туруктуу өнүгүшүндөгү ролу изилденет.

Аталган баптын **“Биоэтиканын калыптанышынын менталдык өзгөчөлүктөрү”** аттуу биринчи параграфта биоэтиканын өнүгүү тенденцияларын жана мазмунун аныктоого өбөлгө түзгөн менталитеттин спецификасы талданат.

Элдин менталитети - узак мезгилдер аралыгында этностун психологиялык мазмунун жана өзгөчөлүктөрүн аныктаган терең түзүм. Менталитеттин тигил же бул өзгөчөлүктөрү социалдык, саясий, идеологиялык, диний жана башка факторлордон айырмаланып, туруктуулукка ээ жана кылымдар бою анчалык өзгөрүүгө дуушар болбойт. Менталитет – дүйнөнүн сүрөттөлүшүн түзгөн, кандайдыр-бир жалпылыктын же маданий салттын биримдигин чагылдырган ой жүгүртүүнүн жана ишенимдердин жыйындысы. Менталитет түшүнүгүнө ой жүгүртүү, жүрүм-турум нормалары, сезимдер чөйрөсү сыяктуу аң-сезимдин формаларын киргизүүгө болот.

Менталдуулук - массалык аң-сезимдин терең деңгээли, атуулдардын коллективдүү элестөөлөрү, алардын дүйнө жөнүндөгү образдары. "Менталдуулук" түшүнүгү адамдар аркылуу аңдап-билинген гана жеке ой жүгүртүүнүн типтерин жана сезимдерин билдирбестен, аңсыз болуп өтүүчү процесстерди, социалдык психология деңгээлиндеги, так аныкталбаган көрүнүштөрдү да каттоо үчүн киргизилген.

Менталдуулуктун тигил же бул типтери белгилүү социомаданий доорго, ошондой эле тарыхый топко, жамаатка таандык болушу ыктымал.

Кыргыздардын менталдык өзгөчөлүгү окумуштуу А.А.Айтбаевдин эмгектеринде терен чагылдырылган. Анын пикири боюнча айрым учурларда трансформациялар орун алса да, менталитет негизинен туруктуу мүнөздө сакталат. Аталган жагдайда көчмөндөр жаратылышты колдонуунун техникалык мүмкүнчүлүктөрүнө ээ боло албай, аны менен кызматташуу, зор, жеңилбес кудуретин таануу зарылдыгын аңдап-сезишкен. Руханий маданияттын материалдуулуктан артыкчылыгы ушуну менен байланыштуу. Алардын менталитетинде карым-катыштуулук, диалогго ыктоо, ачыктык, толеранттуулук, демократизм, плюрализм, эркиндикти сүйүүчүлүк, ак ниеттүүлүк, боорукердик, улууну урматтоо, карапайымдык ж.б. моралдык сапаттар калыптанган. Кыргыз үчүн кенебестик, чыдамкайлык, өзүн тобокелге салып, курмандык чалуу, узак убакка чейин ыңгайсыздыктарды, кыйынчылыктарды көтөрө билүү мүнөздүү болгон. Көчмөн элдин ар кандай экстремалдык, катаал шарттарга ыңгайлашып, жашоо үчүн күрөшүүсү турмуштук норма катары эсептелген.

Улуттук маданияттын менталдык өзгөчөлүктөрү адамдын жашоо образында, жүрүм-турумунда, анын баалуулук багыттарында чагылдырылып, инсандын жашоо сапатына, саламаттыгына түз таасирин тийгизет. Совет доорунда турмушка, ден соолукка карата мамиленин белгилүү тиби жоопкерчиликтин төмөнкү даражасы, жашоо күчтөрүн жана ден соолук ресурстарын эксплуатациялоо менен байланышып, жалпылыктын жекеликтен басымдуулук кылышы, прагматизмди четке кагуу, чыдамкайлык, курмандыкка баруу, кризис, максимализм сыяктуу менталдык мүнөздөр аркылуу калыптанган. Жалпылыктын жекеликтен үстөмдүк кылышы - укуктук аң-сезимдин өнүгүшүн кыйындаткан менталдык мүнөз.

Өлкөбүздө эбегейсиз мейкиндиктерди өздөштүрүү катаал борборлоштуруу менен коштолуп, элдин жашоосу мамлекеттик кызыкчылыктарга баш ийген жана карапайым элдин эркиндиги, демилгеси басынтылган. Мамлекеттин коомго, инсанга карата кысымы бийликти Кудай тарабынан берилген нерсе катары кабыл алууга мажбурлап, инсандык культ пайда болгон. Бул жагдай индивиддин мүнөзүндө өзүнүн жыргалчылыгына жана ден соолугуна карата жоопкерчилик сезиминин өнүгүшүнө тоскоолдук көрсөткөн. Адамдарда “биз үчүн кандайдыр-бир колдоочу кам көрөт” деген ишеним калыптанган.

Советтик мезгилде коомдук инфантилизмдин өнүгүшүнө социумдагы ролдорду бөлүштүрүү системасы зор таасир тийгизген, т.а.

жөнөкөй жаран мамлекет тарабынан сунушталган жана бөлүштүргөн медициналык социалдык жыргалчылыктарды, кепилдиктерди пассивдүү керектөөчү катары кабыл алынган.

Адамдын жашоосуна жана ден-соолугуна карата жоопкерчиликсиз мамилени калыптандырган менталдык мүнөздүн бири болуп прагматизмди четке кагуу эсептелет, анын дагы бир жагы катары жашоодогу байлыктарды жана жыргалчылыктарды эс-акылдуу колдонууга жөндөмсүздүктү кароого болот; бул жагдай туура эмес жашоо образы аркылуу (спирттик ичимдиктер, наркотиктерди колдонуу, режимсиз тамактануу ж.б. көрүнүштөр) адамдын ден-соолугун бузуунун себеби болуп саналат.

Менталитеттин бир эле мүнөздөрү конкреттүү чөйрөдөн жана белгилүү шарттардан көз карандылыкта коомдук, жеке турмушка социалдык-деструктивдүү жана конструктивдүү таасир тийгизиши мүмкүн. Жогоруда аталган менталдык мүнөздөр жашоого жана ден-соолукка карата мамилеге негативдүү таасирин тийгизүү менен бирге жеке кызыкчылыгын унутуу жөндөмү, мансапсыздык, курмандык, жоопкерчиликтүү чечимдерди тез кабыл алууга жөндөмдүүлүк сыяктуу нравалык мүнөздөмөлөрдү камтыган врач-гуманисттин өзгөчө тибин калыптандырган. Алардын образы биоэтика басым жасаган нравалык нормаларга жана принциптерге шайкеш келет. Врач-гуманисттердин эрдиги жана үлгүлүү турмушу боорукерлик, саламаттыкты сактоодогу адилеттүүлүк, пациенттин ар-намысын урматтоо, инсандын жашоосуна абсолюттук баалуулук иретинде мамиле жасоо, медицинанын дарылоочу эле эмес, коомдук функцияларын да ишке ашыруу принцибин, илимий изилдөөлөрдүн натыйжасын адам кызыкчылыктары менен айкалыштыруу сыяктуу баштапкы биоэтикалык принциптерин практикалык ишке ашыруу болуп саналат. Аталгандардын ар бири Гиппократтын принциптеринин жандуу далили катары баалуу. Алар дарылоо жана пациенттерди кароо сапатын жогорулатууга карата реалдуу иш-чараларды иштеп чыгышып, кээде өз жанын, саламаттыгын курмандыкка чалуу аркылуу оорулууларга жардам беришкен.

Исламдык биоэтика - Куранга жана Сүннөткө негизделген шариаттын уландысы. Мында бейажал өлүмдүн алдын алуу үчүн баарын жасоо зарылдыгы белгиленет. Бирок дарыгерлер өлүмдүн сөзсүз болушуна, пациенттин жашоо сапатын жакшыртуучу эч кандай дарылоо жоктугуна так ишенген учурларда гана терминалдык оорулуудан жашоону кармап туруучу дарылоону токтотушу же баш тартышы мүмкүн. Маңызы - өлүмдү тездетүү мүмкүн эмес, бирок натыйжасыз дарылоодон баш тартуу керек. Бул «зыяндын жана зордуктун жоктугу» деген ислам принцибине негизделет. Бирок өлүм алдындагы пациент ачка калбаш

керек, анткени өлүмгө чейинки ачкачылык ислам мыйзамы боюнча кылмыш болуп эсептелет.

**“Жашоо баалуулугу - биоэтиканын негизи”** аттуу экинчи параграфта изилденип жаткан илимий тармактагы жашоо аксиологиясы талданат.

XX кылымдын ортосунан тартып окумуштуулар, философтор жана коомдук ишмерлер илимдеги баалуулук багыттарын өзгөртүү зарылдыгын баса белгилешкен. XX кылымдын ортосунда пайда болгон биоэтика илимий таанып-билүүнү антропологиялаштырууга, гумандаштырууга, табигый илимдик жана руханий-нравалык жагдайлардын ортосундагы теңдикти издөөгө багытталган.

Конфицендиалдуулук врач менен пациенттин өз ара ишенимине жана урматтоосуна негизделет. Ал жеке турмуштун кол тийгистиги, пациенттин социалдык статусун, анын экономикалык кызыкчылыктарын коргоо, дартка чалдыккан инсандын өз жашоосун көзөмөлдөөгө укугу, жеке эркиндикке, автономияга укук сыяктуу түшүнүктөр менен байланышкан. Жеке конфиденциалдуулуктун чектерин аныктоого укук адамдын фундаменталдык укуктарынын бири катары баалуу.

Биоэтикада «патернализм» термини врач менен пациенттин ортосундагы мамилелердин тибин аныктайт, анда врач баарын билген улуу колдоочу катары таанылат, пациент ага баш ийип, толук ишениши зарыл. Азыркы социомаданий кырдаалда врачтык чечимди кабыл алууга пациенттин катышы жөнүндөгү маселе актуалдуу мүнөзгө ээ болуп, врач менен оорулуунун өз ара карым-катнашынын маалыматтык, кеңешүүчү, коллегиалдык, интерпретациялык сыяктуу жаңы моделдери пайда болууда.

XX кылымдын 80-жылдарынын аягында мамлекеттин социалдык чөйрөгө, анын ичинде саламаттыкты сактоо тармагына көңүл бурушу алсызданган. Аталган мезгилде Кыргызстанда медициналык камсыздоо начарлап, материалдык-техникалык жабдуунун деңгээли төмөндөп кеткен. Айлык акынын төмөнкү деңгээли медициналык персоналдарды кошумча иштөөгө мажбурлоодо, кагаз иштеринин көптүгү да дарыгерлердин эмоционалдык жактан чарчоосуна алып келет. Мындай жагдай медициналык кызматкерлердин пациентке карата кызыгуусунун төмөндөшүн, солгун мамилесин, стереотибин калыптандырат. Адеп-ахлактуулуктун төмөндөп кетишинин натыйжасында бүгүнкү медицина чөйрөсүнүн кескин коммерциялашуусу мамлекеттик жана мекемелер ичиндеги көзөмөлдүн начарлашына, медициналык кызматкерлер тарабынан кемчиликтерди жаап-жашыруу, врачтык сырды зарылдыгы жок жарыялоо менен коштолуп, гуманизм принциптерин четке кагууга,

медициналык этиканын принциптери менен реалдуу дарыгердик практиканын дал келбеши сыяктуу негативдүү көрүнүштөргө алып келет.

Азыркы медицина инсанга багытталышы зарыл, ал билим берүүнү гумандаштыруу маселеси менен тыгыз байланышкан. Саламаттыкты сактоодогу гуманизм оорудан келип чыккан татаал турмуштук абалдарда пациенттин жеке ар-намыс сезимин колдой билүү жөндөмүнөн көрүнөт. Бул жагдай пациентке карата индивидуалдык мамилесиз мүмкүн эмес. Майыптар жана өнөкөт оорулуулар менен иштөөдө медицинанын социалдык функцияларын күчөтүүдө коомдук аң-сезимди өзгөртүү зарыл: мындай адамдардын социалдашуусу жана коомдук ыңгайлашуусу жөнүндөгү маселеге карата жалпы социум өз мамилесин жакшыртышы керек.

Учурдагы медицина табигый объектилерге кийлигишүүгө мүмкүндүк алууда: төрөлө турган балдарды өлтүрүү (аборт, контрацепция) же жаратылыштын каршы турушуна карабастан өмүр тартуулоо (жасалма бойго бүтүрүү), реанимация, трансплантация аркылуу өлүмдүн мөөнөтүн артка жылдыруу же эвтаназия аркылуу аны тездетүү, б.а. табигый процесстерге жана мыйзамдарга каршы жеңил өлүүгө мүмкүндүк, гендик инженерия, жынысын трансформациялоо менен жашоонун сапаттык параметрлерин өзгөртүү ж.б. Медициналык илимдердеги олуттуу ийгиликтер ар дайыма эле адамдарга пайда алып келе бербейт. Алар көпчүлүк учурларда индивиддердин ден-соолугуна жана жыргалчылыгына зыяндуу таасир тийгизүүнүн булагы болуп саналат.

Тигил же бул препараттын зыяндуу таасирлерин жок кылуу, алдын алуу инсандын кадыр-баркы жана укугу жөнүндөгү маселе менен тыгыз байланышкан. Медицинанын жашоо образына, социалдык жүрүм-турумга, атуулдун дүйнө сезүүсүнө тийгизген интенсивдүү таасири коомдук мораль жана мыйзам чыгаруу чөйрөсү тарабынан катуу көзөмөлгө алынышы зарыл.

Кыргызстандагы мамлекеттик медицина объективдүү жана субъективдүү себептерге байланыштуу начар камсыздалып жатат. Эгемендүүлүк учурунда өлкөбүздөгү медицина коммерциялаштыруу процессине кабылып, көпчүлүк жарандар акы төлөй албагандыгына байланыштуу сапаттуу медициналык жардам алууга мүмкүндүгү жок болууда.

Кыргызстанда базар экономикасына өтүү менен массалык керектөө культу тез өнүгүп, консумеризация процессинин өнүгүшүнө шарт түзүүдө. Консумеризация – адамдын жана коомдун, анын ичинде саламаттыкты сактоонун жана медициналык тейлөөнүн түрдүү аспектилеринин сатуу-сатып алуу предметине айланышы, кайра түзүлүшү.

Айрым адамдар үчүн ден-соолук жана медициналык тейлөө жакшы жашоонун көрсөткүчүнө айланды. Алардын жеткиликтүүлүгү жана сапаты финансылык абал менен аныкталууда. Аталган жагдайлардын бардыгына социалдык багытталган саламаттыкты сактоо каршы турат, адилеттүүлүк принциби баарына бирдей боорукердикке, жакшылыкка укук катары кабыл алынат.

Кыргыз коомчулугунда курч талкуулар аборттун тегерегинде жүрүүдө. Бойдон алдырууга каршы тургандардын кагылышы байыртадан эле жүрүп келет. Нравалуулук көз карашынан абортту баалоо жашоонун пайда болуу критерийлерин аныктоо менен байланышкан.

Демек, биоэтикадагы негизги принципке ылайык жашоонун өзү башкы баалуулук болуп саналат. Өмүрдү ар кандай кырдаалда коргоо зарыл. Бирок медицинада «дененин жашоосу», «инсандын жашоосу», «жыргал-турмуш», «азап-жашоо» сыяктуу түшүнүктөр бар. Медициналык деонтологиянын мыйзамдарына ылайык, врачтын бул маселелердин айланасында тандоо укугу жок. Врач минимум-программа боюнча пациенттин өмүрүн сактоого, ал эми максимум-программанын алкагында анын ден-соолугун калыбына келтирүүгө милдеттүү. «Инсандын жашоосу» жана «организмдин жашоосу» деген терминдерди ажыратып кароодо өмүрдү аң-сезимдин жашоосу менен окшош кароо жөнүндөгү маселе келип чыгат. Эгерде аң-сезимдин функциясынын токтошу менен инсандын жашоосу да аяктаса, анда организмди сактоонун зарылчылыгы барбы? Мындай кырдаалда индивиддин болмушунун чектери жөнүндөгү маселе актуалдуу медициналык жана биоэтикалык проблема иретинде негизги орунду ээлейт.

**«Биоэтиканын адамдын туруктуу өнүгүшүндөгү ролу”** аттуу параграфында биоэтика социалдык институт катары жарандардын укуктарын коргоп, коомдук адилетсиздикти пайда кылган шарттарды изилдеши талданат.

2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүгө өтүү боюнча Программаны реализациялоо планында билим берүүдөгү социалдык жана медициналык инклюзия принциптерин ишке ашыруу, туруктуу өнүгүүнү камсыздоо үчүн практикага фундаменталдык жана прикладдык илимдердин жетишкендиктерин киргизүү, адам ресурстарын натыйжалуу башкаруу жана кадрдык кризисти жоюу маселелери коюлган. Балдар үчүн альтернативалык социалдык тейлөөлөрдү өнүктүрүү, биоэтикалык маанилүү маселе болуп эсептелген тең шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүү, карылар үчүн социалдык тейлөөлөрдү өнүктүрүү, калктын социалдык алсыз катмарын жеңилдетилген дарылар менен камсыздоого багытталган финансылык каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу, калктын аялуу катмарына базалык

медициналык тейлөөлөрдү акысыз негизде көрсөтүүнү кепилдөө милдеттери, медициналык ишмердүүлүктөгү адилеттүүлүк проблемалары каралган. Медицинада адилеттүүлүк адамдардын саламаттыгын сактоого жана социалдык коргоонун зарыл деңгээлине болгон укугуна теңдик катары каралат. Азыркы социомаданий кырдаалда медицинанын коммерциялык мүнөзү боорукердикке болгон укуктагы тендик иретинде эсептелген адилеттүүлүк принциби менен начар айкалышат.

Жашоого карата укук - адамдын табигый жана атрибуттук укугу, башкача айтканда, аны башка индивидге, субъектке же социумга тартуулоого болбойт. Ал - адамдын конструктивдүү жөндөмүн өнүктүрүүнүн негизги шарты. Жашоого, эркиндикке, ар-намысын урматтоого, коомдук маселелерди чечүүгө катышууга карата укуктарын жоготкон адам инсан катары калыптана албайт. Жашоо укуктарына ээ болуу аркылуу гана адам автономдуу, уникалдуу инсанга, тарыхый өнүгүүнүн субъектисине, абсолюттук баалуулукка айланат. Адам укуктары канчалык көп болсо, эркиндиги ошончо реалдуу мүнөзгө ээ жана аны ишке ашыруу каражаттарынын мүмкүндүгү ошончолук кеңири. Демек, адам укуктары - бул инсандын жашоо ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөсүндө эркиндиктин көрүнүшү. Адам укуктарында инсандагы гуманисттик сапаттар кеңири байкалат жана жалгыз эле мамлекеттик, юридикалык эмес, баштапкы руханий-нравалык мүнөзгө ээ.

Аларды активдүү түрдө реализациялоого умтулган адамдын укуктарынын маңызын, камсыздоо жолдорун туура түшүнүү инсандын ички дүйнөсүнөн, анын руханий-нравалык өнүгүүсүнөн көз каранды. Субъекттер ортосундагы өз ара карым-катнашты укуктук жөнгө салуу моралдык нормалар аркылуу ишке ашат. Социум үчүн өтө маанилүү болгон этикалык нормалар юридикалык жактан бекемделип, жоопкерчиликке ээ. Ошондой эле мыйзам чыгаруучу актылар өзүнө адеп-ахлактык нормаларды камтып, коомдук моралдын аң-сезимине ылайык келишине карап натыйжалуу иштейт.

Азыркы социомаданий кырдаалда жогорку квалификациялык медициналык жардам алууга мүмкүндүк болбогон кырдаалдар адам укугунун бузулушу катары бааланат. Андыктан заманбап медицинаны укуктук аң-сезимди жогорулатуу аркылуу гумандаштыруу жалгыз эле этиканын маселеси эмес, ал - жалпы социумга, мамлекеттик саясатка мүнөздүү болгон актуалдуу юридикалык проблема. Аталган жагдайда медициналык кылмыш катары төмөнкү жагдайларды карашат: «Оорулууга жардам көрсөтпөй коюу», «мыйзамсыз аборт жасоо», «жалган документтерди берүү», «мыйзамсыз дарылоо», «эпидемияга каршы күрөшүү эрежелеринин бузулушу», «медициналык көрсөтмөсүз эркек жана аялдарды стерилдөө», «адамдарга мүмкүн болбогон

экспериметтерди жүргүзүү», «шалаакылык», «этиятсыз аракеттер». Пациенттин жеке ар-намысын жана укуктарын юридикалык жактан коргоо нравалык жана социалдык, экономикалык чаралар менен коштолушу максатка ылайыктуу.

Мындай жагдайда ой жүгүртүүнүн биоэтикалык жолун калыптандыруунун келечектүү өбөлгөсү болуп жашоо жана өлүм, руханийлик менен табияттын катышы, инсандын укуктарынын руханий-нравалык аспектилерин туура түшүндүрүү сыяктуу проблемалардын үстүнөн философиялык ой жүгүртүүгө өбөлгө түзгөн биоэтиканы медициналык окуу жайында окутуу эсептелет. Философиялык билимдин бөлүгү катары биоэтика жаш муундарды тарбиялоого карата утилитардык мамилени жеңип чыгууга жардам берет. Бул багытта тарбияланган инсан өз кызыкчылыктарына жана керектөөлөрүнө таянуу аркылуу жашоо жолун эркин жана жоопкерчиликтүү тандап алуу жөндөмүнө ээ болуу менен бирге өз билгичтиктерин, тажрыйбасын өнүктүрө алат. Биоэтиканы коомдук аң- сезимде өнүктүрүү жана жайылтуу жамаатта социалдык адилетсиздикти жоюуга багытталган.

Бул илимий тармак социалдык институт катары жарандардын укуктарын, социалдык адилетсиздиктин келип чыгышына өбөлгө түзгөн коомдук шарттарды жок кылууга, ал эми укуктук институт иретинде адамдын негизги укуктарын этикалык көз караштан коргоого багытталган. Азыркы коомдо социалдык теңсиздик адамдын жарандык жана кыйыр корголгон негизги укуктарынын ортосундагы байланыш эске алынбай калганда келип чыгат. Мыйзамдар инсандын негизги укуктарын коргоодо жана ишке ашырууда пайда болуучу натыйжаларды эске алуу менен түзүлүшү керек.

**“Корутундуда”** төмөндөгүдөй жалпы логикалык жыйынтыктар алынды:

1. Биоэтика дисциплиналар аралык илимий изилдөөлөрдүн тармагы болуп саналат, максаты – адамдын жашоосун жана саламаттыгын медицина менен биологиянын негативдүү таасирлеринен коргоо. Анын негизги милдети болуп саламаттыкты сактоо тармагынын өкүлдөрүнүн социум менен биргеликте биоэтика чөйрөсүндөгү турмуштук маанилүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу, заманбап шарттарга жооп берген гуманисттик дүйнөгө болгон көз караашты калыптандыруу саналат. Биоэтиканын негизги аракеттенүү чөйрөсү – илимий-техникалык жетишкендиктер менен аксиологиялык проблемалардын ортосундагы өз ара карым-катнаш. Биоэтиканын келип чыгышынын объективдүү себептеринин бири болуп биотехнологиялык революция, анын бүгүнкү күндөгү орду, медицинага, врач менен пациенттин байланышына, ошондой эле адамдын маңызын, өзгөчөлүгүн изилдеген илимдер

системасына тийгизген таасири жана башка ушул сыяктуу маселелер саналат. Биоэтика түшүнүгү аркылуу камтылган проблемаларды философиялык талдоо медиктердин, биологдордун, андан тышкары адам жашоосунун негиздерин изилдеген илим өкүлдөрүнүн илимий ишмердүүлүгүн нравалык жана укуктук жөнгө салуу системасын иштеп чыгуу зарылдыгын баса белгилейт. Нравалуулукка тарбиялабай туруп, интеллектуалдуулукка үйрөтүү коомго зор коркунуч жаратат.

2. Азыркы социумдун негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп гуманисттик башаттарга таянган дүйнө караштык плюрализмдин жалпы негиздерин издөө болуп саналат. Адамзаттын илимий жана технологиялык чөйрөлөрдөгү тенденцияларын жана жетишкендиктерин эске алуу менен белгилей кетүүчү жагдай, түрдүү социалдык катмарлардын, мамлекеттердин социомаданий плюрализм шартындагы кызматташтыгынын негизин гуманизм түзөт, ал инсандын баалуулугун, анын ар-намыска жана бакытка карата укугун, кесиптик, түрдүү чөйрөлөрдөгү адам укугунун артыкчылыктарын бекемдөө катары түшүндүрүлөт. Биоэтика өзгөчө формада илимдин гуманисттик маңызын ишке ашырууга, адамдын өзүнө жана объективдүү реалдуулукка карата мамилесинин универсалдык-практикалык тибин түзүүгө жол ачат. Азыркы медициналык этика врачтын нравалык дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырып, жаңы социомаданий шартта этиканын гуманисттик принциптерин, практикалык философияны чагылдырышы зарыл. Биоэтика өзүнүн функциялануу чөйрөсүндө теориялык-методологиялык жана аксиологиялык-дүйнө караштык компонеттерди айкалыштырат. Биоэтиканы ой жүгүртүүнүн технократиялык модели катары гана кабыл алган сциентисттик тенденция бир топ коркунучтарды жаратууда.

3. Кыргыздардын этностук көз карашы альтруизмге, гуманизмге негизделип, жандуулардын баарынын жашоосунун ыйыктыгы жөнүндөгү ойду колдойт. Элибиз адамдарга эле эмес, бүтүндөй табият менен гармонияда болуп, жан-жаныбарларга да камкор, тең мамиле жасап келишкен. Андыктан этнофилософия эвтаназия, стерилдештирүү сыяктуу көрүнүштөрдү айыптап, абортту адам өлтүрүү менен барабар деп эсептейт. Улуттук мүнөздү түзгөн менталдык өзгөчөлүктөр анын көрүнүү тармагынан, конкреттүү шарттардан көз карандылыкта коомдук турмушка социалдык деструктивдүү жана конструктивдүү таасир тийгизиши мүмкүн. Совет дооруна мүнөздүү болгон коллективизм, жалпылыктын биринчи орунга чыгып, индивидуалдуулуктун четке кагылышы, прагматизмди тануу, толеранттулук, курмандыкка баруу, кризистүүлүк, максимализм жашоого жана ден-соолукка негативдүү таасирин тийгизип, жеке кызыкчылыктарды унутуу, мансапка умтулбоо, өзүн курмандыкка

чалуу, жооптуу чечимдерди тез кабыл алууга жөндөмдүүлүк сыяктуу нравалык мүнөздөмөлөрдү камтыган врач-гуманисттин өзгөчө тибин калыптандырган.

4. Биоэтиканын азыркы коомдогу социалдык-аксиологиялык потенциалы заманбап медициналык этикада негизги нормалардын жана принциптердин проблемалуулугун жеңип чыгуу зарылдыгы, индивиддин саламаттыгын жана жыргалчылыгын сактоонун гендердик аспектилерин актуалдаштыруу, адам жашоосунун аксиологиялык статусун негиздөө менен түшүндүрүлөт. Бул маселе медицинадагы баалуулук багыттарынын өзгөрүшү, инсанга багытталган медицинанын толук калыптана электиги, коомдук аң-сезимде врач менен пациенттин өз ара мамилесине карата патерналисттик негиздеменин басымдуулук кылышы, совет доорунда ата-мекендик саламаттыкты сактоо чөйрөсүндө түзүлгөн татаал кырдаал, азыркы медицинанын консумеризациясы ж.б. менен шартталат. Биоэтиканын миссиясы - илимге, анын ичинде медицинага ыймандык ченемдерди кайтаруу. Биоэтиканын дагы бир милдети болуп коомдогу өзгөрүүлөрдүн натыйжасында медицинадагы негативдүү натыйжаларды четтетүү саналат.

5. Биоэтиканын өнүгүшүнүн натыйжасында адамдардын кадыр-баркына, укуктарына карата урматтоо мамилеси калыптанат, демек, адамдын туруктуу өнүгүшүнө жол ачат. Бул философиялык билимдерди берүү элементтери катары жаш муундарды тарбиялоого карата утилитардык мамилени жеңип чыгууга жардам берет. Өз билимдерин жана идеяларын эркин алмашууга карата укук, ошондой эле объективдүү акыйкатты эркин издөөгө мүмкүндүк индивиддин өздүк баалуулугуна негизделген дүйнөлүк жамаатка кошулууга шарт түзөт. Аталган жагдайлардын бардыгы биоэтиканын зарылдыгын, анын демократиялык коомду калыптандыруунун көрсөткүчтөрүнүн бири экендигин далилдейт. Биоэтика биомедицина чөйрөсүндө мамилелерди уюштурууга жөндөмдүү социалдык институт катары кызмат өтөйт, ал жарандардын ортосундагы теңдикти, алардын укуктарын коргоону башкы орунга коюп, айрым инсандардын медицинадагы артыкчылыктарын жоюуга багытталган. Аталган институт мамлекеттеги бардык атуулдардын укуктарын теңдик принцибинин негизинде коргойт. Бул жагдайлар каралып жаткан илимий тармактын адамдын туруктуу өнүгүшүн камсыздоодогу ролун баса белгилейт. Социалдык институт иретинде белгилүү болгон биоэтикадан тышкары жарандардын укуктарын тең жана адилеттүү коргоо маселеси кыйынчылыктарды жаратат.

**Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору автордун төмөнкү жарыяланган эмгектеринде чагылдырылды:**

1. Сейдалиева, М.К. Трансплантациядагы биоэтикалык проблемалар [Текст] / М.К. Сейдалиева // Вестник Института философии и политико-правовых исследований НАН КР. - Бишкек, 2011. - №2. - 129-133 - б.
2. Сейдалиева, М.К. Клиникалык эксперименттин, трансплантологиянын моралдык-укуктук аспектилери [Текст] / М.К. Сейдалиева // Гуманитарные проблемы современности. - Бишкек, 2011. - №2. - 206-210 - б.
3. Сейдалиева, М.К. Биоэтика менен философиянын байланышы [Текст] / М.К. Сейдалиева, А. Барынбаева // Вестник Института философии и политико-правовых исследований НАН КР.-Бишкек, 2011. - №3.-38-41-б.
4. Сейдалиева, М.К. Биоэтиканын философиялык негиздери [Текст] / М.К. Сейдалиева, А. Барынбаева // Вестник Института философии и политико-правовых исследований НАН КР. – Бишкек, 2011. - №3.- 41-46-б.
5. Сейдалиева, М.К. Биоэтика социалдык институт катары [Текст] / М.К. Сейдалиева, А. Барынбаева // Вестник Института философии и политико-правовых исследований НАН КР.- Бишкек, 2011. - №1.-134-138 -б.
6. Сейдалиева, М.К. Биоэтикалык билимдердин калыптанышы [Текст] / М.К. Сейдалиева, А. Барынбаева // Вестник Института философии и политико-правовых исследований НАН КР. - Бишкек, 2013. -№1. -132-134 - б.
7. Сейдалиева, М.К. Биоэтика: философско-этический аспект [Текст] / М.К. Сейдалиева, Г.Сеитова // ОшМУ жарчысы. – Ош, 2014. -№4. -146-151 - б.
8. Сейдалиева, М.К. Этические принципы отношений: медсестра-пациент [Текст] / М.К. Сейдалиева, Г.З.Абдразакова // ОшМУ жарчысы. – Ош, 2014. - №4. - 151-156 - б.
9. Сейдалиева, М.К. Этические категории в сестринском деле [Текст] / М.К. Сейдалиева, А. Кудиева // ОшМУ жарчысы. – Ош, 2014. -№4. -156-159- б.
10. Сейдалиева, М.К. Адамдагы социалдык жана биологиялыктын диалектикасы [Текст] / М.К. Сейдалиева, А. Барынбаева // ОшМУ жарчысы. – Ош, 2016. - №1. - 189-191 - б.
11. Сейдалиева, М.К. Дарыгердик этиканын тарыхый моделдери [Текст] / М.К. Сейдалиева, А. Барынбаева // ОшМУ жарчысы. -Ош, 2016-№2. -147-152-б.

12. Сейдалиева, М.К. Мээрбандык иштин философиясы [Текст] / М.К. Сейдалиева // ОшМУ жарчысы. – Ош, 2017. - №1. - 140-142 - б.

13. Сейдалиева, М.К. Биоэтика: сущность и особенности [Текст] / М.К. Сейдалиева // The Thirteenth International Conference on Eurasian scientific development. Austria Vienna, 2017. - 76-78-б.

14. Сейдалиева, М.К. Актуальные вопросы биоэтики [Текст] /М.К. Сейдалиева // International Academy Journal “Web of Scholar”. – Киев, 2017. – №6(15). – 85-87-б. ISSN 2518-167X.

15. Сейдалиева, М.К. Ментальные основы биоэтики в Кыргызстане [Текст] /М.К. Сейдалиева // International Academy Journal “Web of Scholar”. – Киев, 2017. – №8(17). – 83-86-б. ISSN 2518.

## РЕЗЮМЕ

диссертации Сейдалиевой Миры Кошмаматовны на тему:
**«Биоэтика как объект философского исследования»,** представленной на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.11 – социальная философия

**Ключевые слова:** биоэтика**,** биология, этика, мировоззрение, медицина, глобализация, гуманизм, философия, культура, общество, право, цивилизация, новые технологии, модели биоэтики, патернализм, эвтаназия.

**Объектом** исследования является биоэтика, представляющая собой междисциплинарную отрасль научных знаний и исследований, **предметом же** – философско-нравственные проблемы, связанные с биоэтикой.

**Основная цель** диссертационного исследования – социально-философский анализ сущности и нравственных проблем биоэтики.

Для достижения указанной цели необходимо было решить следующие **задачи**:

- определить сущность биоэтики на основе историко-логической рефлексии;
- выяснить и провести философский анализ мировоззренческого содержания биоэтики;
- определить ментальные особенности формирования биоэтики;
- провести анализ ценностной картины жизни в биоэтике;
- проанализировать роль биоэтики в устойчивом развитии человека.

**Методологическую и теоретическую основу диссертационного исследования** составили взгляды, идеи, работы и положения представителей зарубежной и отечественной философской, социологической, политической и правовой мысли, связанные с проблемами биоэтики. Кроме того, в процессе исследования использовались исторический, системный и формально-логический методы научного познания.

В качестве основы исследования был избран культурно-цивилизационный подход, учитывающий культурно-цивилизационную специфику кыргызского народа.

**Научная новизна исследования.** К научной новизне исследования можно отнести следующие моменты: определена сущность биоэтики; исследовано мировоззренческое содержание биоэтики; выявлены ментальные особенности формирования биоэтики; определена аксиология жизни; проанализирована роль биоэтики в устойчивом развитии человека.

**Рекомендации по использованию:** Материалы диссертации могут быть использованы при создании специальных курсов по социальной философии, биоэтике, медицинской этике, деонтологии, глобалистике, философии культуры, культурологии и др.

Сейдалиева Мира Кошмаматовнанын философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча жазылган **«Биоэтика философиялык изилдөөнүн объектиси катары»** аттуу темадагы диссертациясына

**Р Е З Ю М Е**

**Чечүүчү сөздөр:** биоэтика**,** биология, этика, дуйного болгон коз караш, медицина, ааламдашуу, гуманизм, философия, маданият, коом, укук, цивилизация, жаңы технологиялар, биоэтиканын моделдери, патернализм, эвтаназия.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп дисциплиналар аралык илимий изилдөөлөрдүн тармагы болгон биоэтика эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** катары биоэтиканын философиялык-нравалык проблемалары эсептелет.

**Диссертациянын негизги максаты** – биоэтиканын маңызын, анын нравалык проблемаларын социалдык-философиялык өңүттөн анализдөө.

Белгиленген максатка ылайык иштин төмөнкү милдеттери аныкталды:

-биоэтиканын маңызына тарыхый-логикалык талдоо жүргүзүү;

-биоэтиканын дүйнөгө болгон көз караштык мазмунун аныктоо;

-биоэтиканын калыптанышынын менталдык өзгөчөлүктөрүн изилдөө;

-жашоо баалуулугун биоэтиканын негизи катары иликтөө;

-биоэтиканын адамдын туруктуу өнүгүүсүндөгү ролун талдоо.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** биоэтика проблемасы боюнча чет өлкөлүк жана ата мекендик окумуштуулардын философиялык, саясий, социологиялык жана укуктук көз караштары, ой жүгүртүүлөрү түздү. Изилдөө процессинде илимий таанып-билүүнүн системалык, тарыхый, формалдык-логикалык усулдары колдонулду. Иликтөө

методологиясынын негизи болуп коомдук өнүгүүнүн объективдүү мыйзамдарын эске алуу эсептелет.

Изилдөө маданий-цивилизациялык ыкмага таянуу аркылуу жүргүзүлдү, мында иликтөөнүн объектисин жана предметин талдоо кыргыз элинин маданий-цивилизациялык өзгөчөлүгүн эске алуу менен ишке ашты.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Изилдөөнүн илимий жаңылыгына төмөнкү жагдайлар кирет: биоэтиканын маңызына философиялык талдоо жүргүзүлдү; биоэтиканын дүйнө караштык мазмуну аныкталды; биоэтиканын калыптанышынын менталдык негиздери изилденди; жашоо аксиологиясы иликтенди; биоэтикаданын инсандын туруктуу өнүгүшүндөгү ролу аныкталды.

**Колдонуу боюнча сунуштар.** Диссертациянын материалдарын жана жыйынтыктарын социалдык философия, биоэтика, медициналык этика, деонтология, глобалистика, маданият философиясы, философиянын тарыхы, маданият таануу боюнча атайын курстарды окутууда пайдаланууга мүмкүн.

## RESUME


on dissertations of Seidalieva Mira Koshmamatovna on the theme: **«Bioethics as an object of philosophical analysis»,** presented for the degree of candidate of philosophy specialty 09.00.11- social philosophy.

**Keywords:** bioethics, biology, ethics, globalization, humanism, philosophy, culture, society, civilization, modern technology.

**The object** of this study is bioethics as an interdisciplinary branch of scientific research. The subject is the philosophical and ethical problems of bioethics.

**The main goal** of the thesis is a socio-philosophical analysis of the essence, ethical problems of bioethics.

**The methodological basis of the dissertation research** is the work, ideas, views and positions of representatives of foreign and domestic philosophical, political, sociological and legal thought on the problems of bioethics. In the process of research, systematic, historical, formal-logical, methods of scientific cognition were used. In general, the basis of the research methodology is the unconditional recognition of the existence of objective laws of social development. The research was carried out with the support of the cultural and civilizational approach, while the analysis of the object and the subject of research was carried out taking into account the cultural and civilizational specifics of the Kyrgyz people.

**Scientific novelty of the study**: To the scientific novelty of the study can be attributed the following points: the essence of bioethics is defined; the world outlook content of bioethics is investigated; mental peculiarities of the formation of bioethics in the culture of Kyrgyz have been revealed; the axiology of life in modern Kyrgyzstan is defined; justice and human rights in bioethics are analyzed.

**Recommendations for use:** The materials of the thesis can be used to create special courses on social philosophy, bioethics, medical ethics, deontology, globalists, philosophy of culture, culturology, etc.

Форматы: 60x84/16. Офсет кагазы.
Көлөмү: 1,75 б.т. Нускасы: 100

«Maxprint» басмасында басылды.

ИЗДАТЕЛЬСТВО MAXPRINT БАСМАСЫ

Дарек: 720045, Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru